«Макулдашылды»
ТИБ директордун орун басары
_____ Ташполотов К.М.
«_27_» _01_____2023 ж.

«Бекитемин»
ТКТКнин директору
_____ Аракеев М.У.
«_27_» _01_____2023 ж.

Тоо-кен технологиялык колледжинин студенттеринин арасында өткөрүлө турган изилдөө долбоорлору боюнча «Окуйбуз, жаратабыз, изилдейбиз» аттуу сынактын ЖОБОСУ

I. Жалпы жобо

Бул Жобо тоо-кен технологиялык колледжинин студенттеринин арасында өткөрүлө турган изилдөө долбоорлору боюнча "Окуйбуз, жасайбыз, изилдейбиз!" аттуу сынакты (мындан ары - Сынак) уюштуруу жана өткөрүү тартибин, методикалык негизин, сынакка катышууну жана жеңүүчүлөрдү аныктоонун тартибин белгилейт.

1.1. Тоо-кен технологиялык колледжинин студенттеринин арасында өткөрүлө турган изилдөө долбоорлору боюнча “Окуйбуз, жаратабыз. изилдейбиз!” аттуу сынак студенттердин маалыматтык, окуу жана изилдөө компетенцияларын, ошондой эле чыгармачылык жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүүгө багытталган
1.2. Сынак ар жылы майдын 2-жумасы өткөрүлөт
1.3. Сынактын негизги уюштуруучусу Тоо-кен технологиялык колледжи (мындан ары - Уюштуруучу) болуп саналат
1.4. Уюштуруучулары Колледждин администрациясы, кураторлор жана ар бир окутулуп жаткан багытка жараша мугалимдер болуп саналат

II. Максаттары жана милдеттери

2.1. Сынактын максаты - колледждин студенттеринин окуу, маалыматгык жана изилдөө компетенцияларын жана чыгармачылык дараметин өнүктүрүү
2.2. Сынактын милдеттери:
- ✓ студенттердин өз алдынча окуу жана изилдөө ишмердүүлүгүн өнүктүрүү үчүн шарттарды түзүү жана алардын кызыгуусун арттыруу;
- ✓ колледжде долбоорлоо жана изилдөө ыкмаларын колдонуу тажрыйбасын кенейтүү.

III. Сынактын катышуучулары жана багыттары

3.1. Колледждин деңгээлинде студенттердин командаларынын мелдешине даярдык көрүү үчүн администрация жооптуу. Алар катышуучулардын тизмесин бекитип, долбоордун жетекчилерин дайындашат.
3.2. Сынактын катышуучулары колледждин 1чи жана 2чи курсунун студенттери
3.3. Сынакка жеке катышуучулар да, жана 3 студенттен ашкан командалар да катыша алышат
3.4. Бир автор же команда бир гана эмгек менен Сынакка катыша алат

IV. Изилдөө долбоору менен иштөөнүн этаптары

6. Сынактык ишти даярдоо бир нече этап менен ишке ашырылат:
- 1 этап: катышуучулар долбоордун жетекчиси менен бирге изилдөө темасын аныктап, тема боюнча маалымат булактарын (китептер, энциклопедиялар жана башка булактар) тандап, окуп изилдешет;

- 2 этап: катышуучулар гипотезаларды белгилеп, изилдөө ыкмаларын тандашат, материалдарды чогултушат, алынган маалыматтарды талдашат жана жалпылашат;
- 3 этап: катышуучулар каалаган форматта долбоорду даярдашат: (китеп, макет, презентация, буклет ж.б.);
- 4 этап: долбоордун презентациясы;

V. Изилдөө долбоорун тандоо тартиби

Ар бир деңгээлдеги сынактык долбоорлорду баалоо үчүн үч-беш адамдан турган калыстар тобу түзүлөт.

Сынактык иштердин презентациясы калыстар тобунун мүчөлөрү үчүн катышуучулар тандаган форматта өткөрүлөт. Долбоорду он-лайн же видео форматта (алдын ала даярдалган) көрсөтүүгө да уруксат берилет.

Калыстар тобунун ар бир мүчөсү долбоорлорду критерийлер боюнча жекече баалап, атайын форманы толтурат (1-тиркеме).

Калыстар тобунун мүчөлөрүнүн жеке баалоосунун негизинде сынактык долбоордун жалпы упайларынын суммасы келип чыгат.

Бирдей упайга ээ болгон сынактык долбоорлорду аныктоодо чечим калыстар тобунун добуш берүүсүнүн негизинде чыгат. Биринчи орунга экиден ашык долбоор чыкса болбойт.

VI. Изилдөө долбоорлорун баалоо критерийлери

Бардык изилдөө долбоорлору төмөнкү критерийлер боюнча бааланат:

- презентацияда шилтеме берилген маалымат булактарынын саны (китептер, энциклопедиялар жана башка булактар);
- изилдөө долбоорунун идеясынын актуалдуулугу;
- долбоордун мазмунунун берилген структурага шайкештиги;
- катышуучулардын изилдөө көндүмдөрүн көрсөтүүсү: көйгөйлөрдү, гипотезаларды, колдонулган изилдөө ыкмаларын түзүү, корутундулардын негиздүүлүгү; иштин жасалгасы (дизайны).

Ар бир критерий боюнча баалоо 0 ден 2ге чейинки шкаладагы дескрипторлорго ылайык жүргүзүлөт. Дескрипторлор жана рейтинг шкаласы 1-тиркемеде берилген.

VII.Жеңүүчүлөрдү сыйлоо

Бардык катышуучулар дипломдор менен сыйланышат.

Жеңүүчүлөргө топ боюнча эң мыкты иш «Мыкты изилдөө долбоору» номинациясы ыйгарылат жана жеңүүчүлөрдүн жетекчилерине «Долбоордун мыкты жетекчиси» номинациясында лауреат наамы ыйгарылат.

ИЗИЛДӨӨ ДОЛБООРЛОРУНА БАА БЕРҮҮ ФОРМАСЫ

Калыстар тобунун мүчөсү _____
Долбоордун аталышы _____
Долбоордун автору _____
Долбоордун жетекчиси _____

№	Критерий	Эң жогорку упай 10	Эң жогорку упай 2	0 упай
1	Долбоордун идеясынын актуалдуулугу	☐ Долбоордун идеясы дүйнөлүк масштабда актуалдуу	☐ Долбоордун идеясы өлкөнүн деңгээлинде дүйнөлүк масштабда актуалдуу	☐ Долбоордун идеясы актуалдуу эмес
2	Долбоордун мазмунунун берилген структурага ылайык келиши	☐ Структурасы толугу менен шайкеш келет Тема Маанилүүлүктүн сүрөттөлүшү Изилдөө методдору Маалыматтарды талдоо Продукт/натыйжа	☐ Жарым жартылай ылайык келет Тема Маанилүүлүктүн сүрөттөлүшү Изилдөө методдору Маалыматтарды талдоо Продукт/натыйжа	☐ Мазмуну структурага дал келбейт
3	Катышуучулардын изилдөө жөндөмдөрүн көрсөтүүсү	☐ Тема толугу менен ачылган; көйгөйлөр, гипотеза жана изилдөө ыкмалары так формулировкаланган корутундулар негиздүү	☐ Тема жарым-жартылай ачылган; көйгөйлөр, гипотезалар жана изилдөө ыкмалары жарым-ж артылай формулировкаланган; корутундулар жарым-жартылай негизделген	☐ Тема так ачылган эмес эмес; маселенин, гипотезанын жана изилдөө ыкмаларынын түшүнүксүз түзүлгөн; корутундулар негизсиз
4	Ишти жасалгалоо (дизайны)	☐ Макети жана жасалгасы темага туура келет; сапаттуу,	☐ Макети жана жасалгасы темага толук туура келбейт;	☐ Макет жана дизайн темага дал

		эстетикага жооп берет, оригиналдуу	дизайнда жарым-жартылай оригиналдуулук, эстетикасы бар	келбейт; дизайнда оригиналдуулук жок, эстетика жок
5	Натыйжаларды презентациялоонун сапаты	☐Презентацияда көрсөтмөлүүлүк бар, техкаражаттар колдонулган (PowerPoint/видео/аудио материалдар)	☐Презентация долбоорду толук чагылдырбайт, техкаражаттар жарым-жартылай колдонулган	☐ Презентация долбоорго дал келбейт
6	Оозеки баяндама жасоо көндүмдөрү; командanын толук катышуусу	☐ Катышуучулар презентация жасоонун мыкты көндүмдөрүн көрсөтүштү, тиешелүү лексиканы жана терминдерди колдонуу менен өз ойлорун так айтып беришти. Бүт команда тартылган	☐ Катышуучулар презентация жасоонун орточо көндүмдөрүн көрсөтүп, сөздөрдө жана терминдердеги так эместиктерге жол беришти. Командanын бардыгы тартылган эмес	☐Катышуучулар оозеки баяндама жасоо жөндөмдөрүн көрсөтө алышкан жок. Командanын бардыгы тартылагн эмес
7	Жыйынтыгы			

Датасы:
Калымтар тобунун мүчөсүнүн аты-жөнү жана колу:

«Окуйбуз, жаратабыз, изилдейбиз!»

сынагынын жыйынтыгынын протоколу

№	Катышуучунун аты жөнү	Группасы	Изилдөө долбоорунун аты	Жетекчиси	Алган оруну

Калыстар тобу: